**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И.РАЗЗАКОВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**АСПИРАНТУРА БӨЛҮМҮ**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ КАФЕДРАСЫ**

**"Бекитемин"**
**КМТУнун илимий иштер**
**боюнча проректору**
**____________-проф.Төрөбеков Б.Т.**

# ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүүчү программасына карата "Кыргыз тили" жалпы илимий дисциплинасы боюнча сынак тапшыруунун

# ПРОГРАММАСЫ

Прграмма Кыргыз тили кафедрасынын
жыйынында каралып, жактырылган.
2021-ж., 30-декабрь, №6 протокол
Кыргыз тили кафедрасынын
башчысы ф.и.к., доценти
__________ Жумагул кызы Айнура

**Бишкек – 2022**

***Окутуунун негизги максаты*** – курс кандидаттык минимум тапшырууга даярданып жатышкан аспиранттардын, изденүүчүлөрдүн кыргыз тилинде оозеки жана жазуу кептерин өнүктүрүүгө, ошондой эле күнүмдүк жашоого, адистигине байланыштуу текстердин материалында тил үйрөнүүчүлөрдүн окуу көндүмдөрүн өстүрүүгө арналган.

***Курстун негизги аспектилери*** - тилдик негизги эрежелер (фонетика, грамматика, лексика) жана кеп ишмердигинин бардык түрлөрү боюнча ( окуу, сүйлөө жана жазуу) тилдик байланышууну, кеп маданиятын жана стилдин түрлөрүн үйрөнүү.

| **Аталыштары** | **Улантуучу денгээл** |
|---|---|
| Курска эсептелген жалпы саат | **140 саат** |
| Тилдик негизги эрежелерди үйрөнүү | 50 саат |
| Тилдик байланышуу, кеп маданияты | 50 саат |
| Стилдин түрлөрү, иш кагаздары | 40 саат |

**Курстун негизги аспектисине карата усулдук түшүндүрмө**

1. Фонетика тилдин аспектиси катары кыргыз тилин окуп жатышкан кыргыз улутундагы аспиранттарга жана филолог эмес изденүүчүлөргө алардын тил билүү денгээлдерине жараша көлөмдө окуу программасына киргизилет.
2. Программадагы материалдар тилдик эрежелер, тексттер, көнүгүүлөр, суроо-жооп тапшырмалары, котормолор жана даяр кеп үлгүлөрү түрүндө берилген.
3. Ал эми лексика-грамматикалык материалдардын тилди өздөштүрүүдө эң керектүү делген бөлүктөрү гана сунушталат, анткени аспирант же изденүүчү кыска мөөнөттүн ичинде бардык эрежелерди өздөштүрүүгө жетише албайт.
4. Туура сүйлөө кеп маданиятын калыптандырууну, жаңы сөздөрдүн жана терминдердин жасалыш жолдорун өздөштүрүүнү; байланыштын окуу турмуш-тиричилик чөйрөсүндөгү диалогдук кебин калыптандырууну сунуш кылат.

5. Окуу көндүмүн өнүктүрүү максатында изденүүчүнүн же аспиранттын адистигине

байланыштуу болгон белгилүү сандагы кээ бир сөздөр киргизилет (приборлордун,

машиналардын, тетиктердин, химиялык элементтердин ж.б.у.с. аталыштары).

**Курсту окуп жаткандарга кыргыз тили боюнча коюлган талаптар**

1. Аудирования багытында:
   - аңгемелешип жаткан адамдын тааныш лексика-грамматикалык материалдар менен түзүлгөн жана үйрөнүп жаткан баарлашуу кырдаалы менен байланыштуу болгон оюн түшүнө билүү.
2. Окуу багытында:
   - тааныш лексика-грамматикалык материалдар менен түзүлгөн текстти окуп, анын мазмунун түшүнө билүү.
3. Сүйлөө багытында:
   - Жумушчу программада берилген кеп үлгүлөрүн байланышуунун чыныгы кырдаалдарында максатка ылайык пайдалана билүү;
   - үйрөнгөн лексиканын топтомун пайдалануу менен байланышуунун шарттарына жараша кеп үлгүлөрүнүн компоненттерин бирдей колдоно билүү.
4. Жазуу кебинин багытында:
   - Стандарттуу анкетаны толтура билүү.

**Кандидаттык сынакка карата талаптар**

Аудирования багытында:

- аңгемелешип жаткан адамдын үйрөнгөн кырдаалда же ага окшош кырдаалда өзүнө тааныш эмес лексиканы камтыган, жалпы ойду түшүнүүгө таасир бербей турган оюн түшүнө билүү. Кыргыз тилинде аңгемелешүү.

Окуу багытында:

- контекст боюнча, көрсөтмөлүүлүктүн же котормонун жардамы аркылуу сөз жасоочу тааныш элементтер боюнча, өздөштүргөн же ага окшош тема боюнча аныкталышы мүмкүн болгон тааныш эмес лексиканы камтыган, орточо кыйындыктагы көнгөн (анын ичинде атайын тандалып алынган) жалпы адабий текстти окуп жана түшүнө билүү.

*Аткаруунун мөөнөтү -* ___________.

Сүйлөө багытында:

- жумушчу программада берилген темалар боюнча өз оюн айта билүү.

Жазуу кебинин багытында:

- Арыз жана Өмүр баян жазганды билүү.

*Аткаруунун мөөнөтү -* ___________.

**Аспиранттар жана изденүүчүлөр үчүн кыргыз тилинен кандидаттык сынак тапшыруусу боюнча окуу курсунун ПРОГРАММАСЫ**

| № | Кептик темалар | Грамматикалык темалар | Сааты |
|---|---|---|---|
| 1. | Курстун максаты. Мамлекеттик тил саясаты. | Тыбыш жана тамга. | 4 саат |
| 2. | Кыргыз тилинин жана жазуусунун кыскача тарыхы *(тааныштыруу, укканын кайра айттыруу).* | Алфавит, азыркы кыргыз алфавити. | 8 саат |
| 3. | Адабий тил жана анын нормалары. Түндүк жана түштүк диалектилери. *(тааныштыруу, укканын кайра айттыруу).* | Кыргыз тилиндеги тыбыштар-дын бөлүнүшү. Үндүү жана үнсүз тыбыштар. | 10 саат |
| 5. | Кептин стилдери. Стилдин түрлөрү *(сүйлөшүү).* | Кыргыз жазуу эрежелери. | 10 саат |
| 6. | Илимий стиль, анын өзгөчөлүгү, эрежелери жана талаптары *(сүйлөшүү).* | Үндөштүк мыйзамы жана анын түрлөрү. | 6 саат |
| 5 | "Менин илимий өмүр жолумдун башталышы" *(сүйлөшүү, жазуу).* | Муун жана анын түрлөрү. Ташымал, анын эрежелери. | 6 саат |
| 7. | Илимий терминдер, атоолор *(окутуу, түшүнгөнүн айттыруу).* | Сөздүн түзүлүшү. Уңгу жана мүчө. Сөз түркүмдөрү. | 4 саат |
| 8. | Илимий стилдеги практикалык иштер: реферат, илимий баянда-ма, илимий макала *(баарлашуу, жазуу).* | Илимий стилге мүнөздүү тилдик каражаттар.Зат атооч, сын атооч, сан атооч. | 10 саат |
| 9. | Илимий изилдөө иштеринин маселелери : актуалдуулугу, максаты, жаңычылдыгы, обүектиси ж.б. *((сүйлөшүү)* | Ат атооч, этиш, тактооч, алар-дын грамматикалык категория-лары. Кызматчы сөздөр. | 10 саат |
| 10. | Котормо, анын теориясы, эрежелери жана талаптары *(окуу, жазуу, сүйлөшүү).* | Жаңы сөздөрдүн жасалышы. Сөз жасоочу мүчөлөр. | 6 саат |
| 11. | Сөздүктөр, алардын түрлөрү. Сөздүк менен иштөө *(окуу, жазуу, сүйлөшүү).* | Синонимдер, омонимдер жана антонимдер. | 8 саат |
| 12. | Тилдик таасирлер | Кыргыз лексикасынын баюу жолдору. Кабыл алынган сөздөр. | 8 саат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 13. | Иш кагаздар стили: өмүр баян, арыз, түшүнүк кат ж.б. *(Түшүндүрүү, жазуу).* | Бир маанилүү сөздөр, алардын колдонулушу | 10 саат |
| 14. | Кесиптик лексикада жазуу иши. | Сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык маанилери | 8 саат |
| 15. | Кептин көркөм-адабий стили. Оозеки сүйлөшүү стили. | Көп маанилүү сөздөр. Сөз маанилеринин ооштуруп колдонулушу | 6 саат |
| 16. | Чечендик өнөрү. | Макал-ылакаптар, фразаелогизмдер, учкул сөздөр. | 6 саат |
| 17. | Тилдик катмарлар. | Эскирген сөздөр (архаизмдер, тарыхый сөздөр) жана жаңы сөздөр (неологизмдер). | 6 саат |
| 18. | Публицистикалык стиль: эссе очерк, газеталык макала ж.б. | Тыныш белгилери (пунктуация). | 6 саат |
| 19. | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик атрибуттары (символикалары) | Жазуу иштери | 4 саат |
| 20. | Илимий темада рефарат жазуу | Өтүлгөн лексика-грамматика-лык материалдарды кайталоо. | 4 саат |
| | **Баардыгы** | | **140 с.** |

**Адабияттар:**


1. Мусаева В., Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу. (2009);

2. Мусаева В., Кыргыздын чечендик кебин окутуу. Монография. (2013);

3. Мусаева В., Т.Асанакунов. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Кыргыз тили боюнча методикалык колдонмо. 2011;

4. Мусаев С., Кеп маданияты. (2004);

5. Үсөналиев С., Б.Өмүралиев Азыркы кыргыз тилинин таблицалары. (2003);

6. Чыманов Ж.А. , Кыргыз тили : Сабактын теориясы жана практикасы. (2007).
7. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. Бишкек – 2013.
8. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь.-М., 1965
9. Өмүралиев Б. Синтаксисти окутуунун методикасы. (1978).

Программа кыргыз тили кафедрасынын

Отурумунда (2021-ж. 30-декабрь № 6) талкууланып бектилген

**Кафедра башчысы** **Жумагул кызы Айнура**